**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ**

**МИНИСТЕРСТВО ОБРАЗОВАНИЯ И НАУКИ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ**

**БУЙРУК**
**ПРИКАЗ**

______________________№_______

Бишкек ш.
г. Бишкек

# 2025/2026-окуу жылына 11-жылдык окуу мөөнөтүндөгү Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүү уюмдарынын базистик окуу пландарын бекитүү жөнүндө

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2025-жылдын 14-мартындагы № 131 токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүүнүн Мамлекеттик билим берүү стандартына ылайык 11-жылдык окуу мөөнөтүндөгү жалпы билим берүү уюмдарында окуу-тарбиялоо процессин уюштуруу жана өткөрүү максатында **буйрук кылам**:

1. 2025/2026-окуу жылына 11-жылдык окуу мөөнөтүндөгү Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүү уюмдарынын базистик окуу пландары тиркемеге ылайык бекитилсин.
2. Түрлөрүнө жана менчиктик формасына карабастан республиканын бардык жалпы билим берүү уюмдарынын директорлоруна: 2025/2026-окуу жылына бекитилген 11-жылдык окуу мөөнөтүндөгү Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүү уюмдарынын базистик окуу пландарына ылайык иш окуу пландары иштелип чыксын жана алар жайгашкан жери боюнча тиешелүү Бишкек шаарынын Мэриясына караштуу Билим берүү департаменти, Ош шаарынын Мэриясына караштуу Билим берүү башкармалыгы жана райондук/шаардык билим берүү бөлүмдөрү менен 2025-жылдын 1-августуна чейин макулдашылсын.
3. Республиканын карамагындагы жалпы билим берүү уюмдарынын директорлоруна: 2025/2026-окуу жылына бекитилген 11-жылдык окуу мөөнөтүндөгү Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүү уюмдарынын базистик окуу пландарына ылайык иш окуу пландары иштелип чыксын жана алар Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги менен 2025-жылдын 1-августуна чейин макулдашылсын.
4. Бишкек шаарынын Мэриясына караштуу Билим берүү департаментинин, Ош шаарынын Мэриясына караштуу Билим берүү башкармалыгынын жана райондук/шаардык билим берүү бөлүмдөрүнүн жетекчилерине:

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

- түрлөрүнө жана менчиктик формасына карабастан жайгашкан жери боюнча тиешелүү бардык жалпы билим берүү уюмдарынын 2025/2026-окуу жылына окуу пландарын 2025-жылдын 1-августуна чейин макулдашылсын жана ишке ашырылышы камсыздалсын;

- жайгашкан жери боюнча тиешелүү бардык мамлекеттик эмес (жеке менчик) жалпы билим берүү уюмдарынын билим берүү ишине уюштуруучулук-методикалык координациялоо дайыма жүргүзүлсүн.

5. Уюштуруу жана тарбиялоо иши боюнча секторуна (А.Э. Эркимбековго): окуучулардын эмгек практикасын ишке ашыруу тармагындагы ченемдик укуктук акты менен республиканын бардык жалпы билим берүү уюмдары камсыздалсын.

6. Маалыматтык саясат бөлүмү (Н.К. Кийизбаевага), «Кут Билим» медиа-борбору (К. Чекировго) ушул буйруктун расмий жарыяланышын камсыздашсын.

7. Ушул буйруктун аткарылышын контролдоо Мектептик, мектептен тышкаркы жана кошумча билим берүү башкармалыгына (А.С. Кусеиновага) жана Бюджеттик саясат жана финансылык анализ башкармалыгына (А.К. Баймуратовага) тапшырылсын.

## Об утверждении базисных учебных планов общеобразовательных организаций Кыргызской Республики с 11-летним сроком обучения на 2025/2026 учебный год

В целях организации и проведения учебно-воспитательного процесса в общеобразовательных организациях с 11-летним сроком обучения в соответствии с Государственным образовательным стандартом общего образования Кыргызской Республики, утвержденным постановлением Кабинета Министров Кыргызской Республики от 14 марта 2025 года № 131, **приказываю:**

1. Утвердить базисные учебные планы общеобразовательных организаций Кыргызской Республики с 11-летним сроком обучения на 2025/2026 учебный год согласно приложению.

2. Директорам всех общеобразовательных организаций республики независимо от видов и форм собственности: разработать рабочие учебные планы в соответствии с утвержденными базисными учебными планами общеобразовательных организаций Кыргызской Республики с 11-летним сроком обучения на 2025/2026 учебный год и согласовать их с соответствующими по месту расположения Департаментом образования при Мэрии города Бишкек, Управлением образования при Мэрии города Ош и районными/городскими отделами образования в срок до 1 августа 2025 года.

3. Директорам общеобразовательных организаций республиканского подчинения: разработать рабочие учебные планы в соответствии с

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

утвержденными базисными учебными планами общеобразовательных организаций Кыргызской Республики с 11-летним сроком обучения на 2025/2026 учебный год и согласовать их с Министерством образования и науки Кыргызской Республики в срок до 1 августа 2025 года.

4. Руководителям Департамента образования при Мэрии города Бишкек, Управления образования при Мэрии города Ош и районными/городскими отделами образования:

- провести согласование и обеспечить реализацию учебных планов на 2025/2026 учебный год всех общеобразовательных организаций независимо от их видов и форм собственности, соответствующих по месту расположения;

- постоянно проводить организационно-методическую координацию образовательной деятельности всех негосударственных (частных) общеобразовательных организаций, соответствующих по месту расположения.

5. Сектору по организационной и воспитательной работе (А.Э. Эркимбекову): обеспечить все общеобразовательные организации республики нормативным правовым актом в сфере реализации трудовой практики обучающихся.

6. Отделу информационной политики (Н.К. Кийизбаевой), медиа-центру «Кут Билим» (К. Чекирову) обеспечить официальное опубликование данного приказа.

7. Контроль за исполнением настоящего приказа возложить на Управление школьного, внешкольного и дополнительного образования (А.С. Кусеинову) и Управление бюджетной политики и финансового анализа (А.К. Баймуратову).

**Заместитель министра** **Н.С. Джусупбекова**

Базистик окуу пландарына
тиркеме

**2025/2026-окуу жылына 11-жылдык окуу мөөнөтүндөгү Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүү уюмдарынын базистик окуу пландарына түшүндүрмө кат**

Ушул 11-жылдык окуу мөөнөтүндөгү Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүү уюмдарынын базистик окуу пландары Кыргыз Республикасынын «Билим берүү жөнүндө» Мыйзамына, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2025-жылдын 14-мартындагы № 131 токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүүнүн Мамлекеттик билим берүү стандартына, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2016-жылдын 11-апрелиндеги № 201 токтому менен бекитилген жалпы билим берүү уюмдарында окутуу шарттарына жана уюштурулушуна коюлган санитардык-эпидемиологиялык талаптарга (6-тиркеме), ошондой эле жалпы билим берүү уюмдарында окуу-тарбиялоо процессин жөнгө салуучу Кыргыз Республикасынын башка ченемдик укуктук актыларына ылайык иштелип чыкты.

11-жылдык окуу мөөнөтүндөгү жалпы билим берүү уюмдарынын класстары үчүн бекитилген базистик окуу пландары төмөнкү таблицага ылайык ишке ашырылат:

Таблица.

| Окуучунун төрөлгөн жылы | Окуу жылы | | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | 2024/ 2025 | 2025/ 2026 | 2026/ 2027 | 2027/ 2028 | 2028/ 2029 | 2029/ 2030 | 2030/ 2031 | 2031/ 2032 | 2032/ 2033 | 2033/ 2034 | 2034/ 2035 |
| | Класстар | | | | | | | | | | |
| **2017** | 1 | 2 | 3 | 4 | 5 | 7 | 8 | 9 | 10 | 11 | 12 |
| **2016** | 2 | 3 | 4 | 5 | 7 | 8 | 9 | 10 | 11 | 12 | |
| **2015** | 3 | 4 | 5 | 7 | 8 | 9 | 10 | 11 | 12 | | |
| **2014** | 4 | 5 | 7 | 8 | 9 | 10 | 11 | 12 | | | |
| **2013** | 5 | 6 | 7 | 8 | 9 | 11 | 12 | | | | |
| **2012** | 6 | 7 | 8 | 9 | 11 | 12 | | | | | |
| **2011** | 7 | 8 | 9 | 11 | 12 | | | | | | |
| **2010** | 8 | 9 | 10 | 11 | | | | | | | |
| **2009** | 9 | 10 | 11 | | | | | | | | |
| **2008** | 10 | 11 | | | | | | | | | |

- 11 жылдык стандарт

- 12 жылдык стандарт

- интеграцияланган программалар

Эскертүү:
- 2028/2029-окуу жылы – 9-класстын окуучуларынын кош бүтүрүүсү;
- 2028/2029-окуу жылы – 12 жылдык мектепти аяктагандыгы жөнүндө аттестаттын тапшырылышынын башталышы.

**2025/2026-окуу жылында төмөнкүлөрдү эске алуу керек:**

**- 6 жашка толгон балдар (2019-жылы төрөлгөндөр)** жалпы билим берүү уюмдарынын 1-класстарына кабыл алынып, аларга «Наристе» апробацияланган программасы менен «Мен жана дүйнө» предмети аркылуу

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

табигый-илимий багытына киришүү (пропедевтика) мазмуну камтылган 12-жылдык мектептин 1-классынын билим берүү программасы окутулат;

- «Наристе» мектепке даярдоо программасын өтүшкөн **6 жана 7 жаштагы балдар (2018-жылы төрөлгөндөр)** жалпы билим берүү уюмунун 2-классына кабыл алынышып, 12-жылдык мектептин 2-классынын билим берүү программаларын өздөштүрүшөт;
- **11-жылдык мектептин 1-классынын окуучулары (2017-жылы төрөлгөндөр) 2-класска өтүшүп**, 11-жылдык мектептин 2-классынын билим берүү программалары боюнча окууну улантышат.

Базистик окуу планы башталгыч жалпы, негизги жалпы жана орто жалпы билим берүү боюнча окуу предметтеринин тизмесин жана окуучулардын жашына жараша өзгөчөлүктөрүнө жараша окуу жүктөмүнүн көлөмдөрүн белгилейт, окутуу-тарбиялоо процессин уюштуруп, өткөрүүгө коюлган талаптарды ишке ашырат, ошондой эле Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги (мындан ары – Министрлик) сунуштаган жалпы билим берүү программаларын жана окуу-методикалык комплекстерин колдонууну камсыздайт.

Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүүнүн Мамлекеттик билим берүү стандартынын 19-пунктуна ылайык базистик окуу планы **беш күндүк окуу жумасына** класстар боюнча жумалык окуу жүктөмүнүн төмөнкү көлөмүн белгилейт:

| Класстар | 1 | 2 | 3 | 4 | 5 | 6 | 7 | 8 | 9 | 10 | 11 |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Жумалык окуу жүктөмү | 19 | 21 | 22 | 22 | 27 | 28 | 30 | 29 | 30 | 29 | 29 |

Базистик окуу планынын **мамлекеттик (инварианттык) компоненти** Кыргыз Республикасынын аймагында бирдиктүү мектептик билим берүү мейкиндигин камсыздайт жана түрлөрү менен менчиктик формасына карабастан бардык жалпы билим берүү уюмдарына милдеттүү болуп эсептелет, ошондой эле окуучулардын жалпы билим берүү даярдыгынын базалык деңгээлин өздөштүрүүсүнө, активдүү турмуштук көз караштагы инсанды калыптандыруу үчүн улуттук жана жалпы инсандык баалуулуктарга тартууга кепилдик берет.

Башталгыч жалпы, негизги жалпы жана орто жалпы билим берүүнүн окуу программаларын өздөштүрүүнүн ченемдик мөөнөтүн кыскартууга жана мамлекеттик компоненттин предметтери үчүн ар бир класска чегерилген жумалык окуу сааттарын башка предметтерге которууга **жол берилбейт.**

Базисттик окуу планындагы предметтер төмөнкү билим берүү чөйрөлөрүнө бөлүштүрүлөт: филологиялык, социалдык, математикалык, табигый-илимий, искусство жана технология, ден соолук маданияты.

«Кыргыз тили», «Орус тили», «Өзбек тили», «Тажик тили» жана «Дунган тили» предметтери эне тили катары 2-класстан 11-класска чейин окутулат. Окутуу кыргыз, орус, өзбек жана тажик тилдеринде жүргүзүлгөн мектептерде «Кыргыз тили» жана «Орус тили» предметтерин экинчи тил

катары окутуу үчүн аныкталган окуу сааттарынын саны конкреттүү жалпы билим берүү уюмунун окутуу тилине байланыштуу болот.

Окутуу кыргыз тилинде жүргүзүлгөн мектептердин 6,8,10,11-класстарында «Кыргыз адабияты» предметин окутууга жумасына 2 сааттан, 9-классына - жумасына 3 саат бөлүнөт. Орус, өзбек жана тажик тилдеринде окуткан мектептердин 6,8-11-класстары үчүн «Кыргыз адабияты» предметин окутууга жумасына 1 сааттан бөлүнөт.

Окутуу орус тилинде жүргүзүлгөн мектептердин 6,8,9-класстарында «Орус адабияты» предметин окутууга жумасына 2 сааттан, 10,11-класстарына жумасына 3 сааттан бөлүнөт. Окутуу кыргыз тилинде жүргүзүлгөн мектептердин 6,8-класстарында «Орус адабияты» предметин окутууга жумасына 1 сааттан, 9-11-класстарына жумасына 2 сааттан бөлүнөт. Өзбек/тажик тилдеринде окуткан мектептердин 6,8-11-класстары үчүн «Орус адабияты» предметин окутууга жумасына 1 сааттан бөлүнөт.

Окутуу өзбек/тажик тилдеринде жүргүзүлгөн мектептердин 6,8-11-класстарында «Өзбек/Тажик адабияты» предметтерин окутууга жумасына 1 сааттан бөлүнөт.

Чет тилин окутуу 3-класстан баштап 11-класска чейин жүргүзүлөт.

**2025/2026-окуу жылынан баштап 3-9-класстарда чет (Англис) тили боюнча** 12-жылдык мектептик билим берүүгө багытталган жаңыланган билим берүү программалары жана жаңы окуу-методикалык комплекстери киргизилет.

Окутуу кыргыз жана орус тилдеринде жүргүзүлгөн мектептердин 3-11-класстарына чет тилин окутууга жумасына 2 сааттан бөлүнөт. Өзбек/тажик тилдеринде окуткан мектептердин 3,4,6-класстарына чет тилин окутууга жумасына 2 сааттан, 8-11-класстарына жумасына 1 сааттан бөлүнөт. Өзбек/тажик тилдеринде окуткан мектептерде ата-энелердин, демөөрчүлөрдүн жана жергиликтүү бюджеттин эсебинен чет тилин окутуу сааттарын көбөйтүү кошумча билим берүү кызматын көрсөтүү аркылуу мүмкүн.

«Тарых» предмети 6,8-11-класстарда жумасына 2 саат менен окутулат. «Кыргызстандын тарыхы» жана «Дүйнөлүк тарых» курстары ырааттуу бир предмет катары окутулат жана класстык журналда «Тарых» деп жалпы аталышы жазылат. 9 жана 11-класстардын окуучулары «Тарых» предметинен мамлекеттик экзамендерди тапшырышат.

«Адам жана коом» предмети 6,8-11-класстарда жумасына 1 саат менен окутулуп, анын билим берүү мазмунуна финансылык жана бажы сабаттуулугу боюнча тематикалар интеграцияланган.

Өспүрүм окуучулардын дин таануу сабаттуулугун жогорулатуу максатында 8,9-класстарда «Диндердин өнүгүү тарыхы» предмети 1 саат жумалык жүктөмү менен окутулат. Бул курсту окутуу Кыргыз Республикасынын Улуттук коопсуздук мамлекеттик комитети жана Кыргыз Республикасынын Ички иштер министрлиги тарабынан текшерүүдөн өткөн «Тарых» предметинин мугалимдери жана теологдор тарабынан жүргүзүлөт. Аталган предметти окутуу бекитилген предметтик

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

стандартка жана Кыргыз билим берүү академиясы иштеп чыккан методикалык сунуштарга ылайык жүргүзүлөт.

«Математика» предмети башталгыч жалпы мектепте 2-класстан 6-класска чейин окутулат. 8-11-класстарда «Алгебра» жана «Геометрия» предметтери боюнча сабактар өзүнчө өтүлүп, класстык журналда өзүнчө жазылат.

«Мен жана дүйнө» интеграцияланган предмети 2-4-класстарда жумасына 2 саат менен окутулуп, анын мазмуну окуучулардын дүйнөгө өз ара байланышкан бирдиктүү бүтүндүк катары болгон көз карашын, «жаратылыш–коом–адам» системасындагы дүйнөгө жана жашоого болгон баалуу мамилесин калыптандырууга, ошондой эле адамдын жашоо-тиричилигинин ар кандай шарттарында коопсуздук негиздерин (мындан ары - ТТКН) өздөштүрүүгө багытталган.

«Биология» жана «География» предметтерин 6,8,9-класстарда окутууга жумасына 2 сааттан жана 10-11-класстарга жумасына 1 сааттан бөлүнөт.

«Физика» предмети 8,9-класстарда жумасына 2 саат менен жана 10-класста жумасына 3 саат менен окутулат. 11-класста «Физика. Астрономия» интеграцияланган предмети катары жумасына 3 саат менен окутулат жана класстык журналда «Физика. Астрономия» деп жалпы аталышы жазылат.

«Химия» предметин 8-11-класстарда окутууга жумасына 2 сааттан бөлүнөт.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2018-жылдын 23-июлундагы № 336 токтомунун 1-тиркемесинин 3-пунктуна ылайык 7-11-класстарда жабдылган лабораториялар болгон учурда «лаборант» кызмат орду киргизилет деп аныкталган. Лаборант жок учурда, анын кызматтык милдеттерин аткаруу табигый-илимий багытынын мугалимине жүктөлөт.

«Информатика» предмети 6,8,9-класстарда жумасына 1 саат менен өтүлөт.

«Технология (эмгекке үйрөтүү, чийме жана дизайн)» интеграцияланган предмети 6,8,9-класстарда жумасына 1 саат менен окутулат.

«Көркөм өнөр» жана «Музыка» предметтери: 2-класста - жумасына 2 саат менен, 3,4,6-класстарда - жумасына 1 саат менен окутулат. «Музыка» предметин окутууга музыкалык адистиги бар мугалимдер тартылат, ал эми адис жок учурда милдеттери башталгыч класстын мугалимине жүктөлөт.

«Дене тарбия» предметинин 2 класстан 11-класска чейин өтүлүшүнө жумасына 2 сааттан бөлүнөт.

10 жана 11-класстарда өтүлүүчү «Аскерге чейинки даярдоо» предметине жумасына 2 сааттан бөлүнөт. «Аскерге чейинки даярдоо» предметине бөлүнгөн сааттардын эсебинен окуу жылынын апрель-май айларында үч иш күн аралыгында 11-класстарынын окуучу балдары үчүн талаа окуулары (18 саат), ал эми 11-класстардын окуучу кыздары үчүн дарылоо мекемелеринде медициналык-санитардык даярдоо (18 саат) боюнча тажрыйбалык сабактар өткөрүлөт.

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

Төмөнкү предметтер боюнча сабактарды өтүүдө класстар 2 тайпага бөлүнөт:

- окутуу орус, өзбек жана тажик тилдеринде жүргүзүлгөн мектептерде «Кыргыз тили» предметин окутууда; окутуу кыргыз, өзбек жана тажик тилдеринде жүргүзүлгөн мектептерде «Орус тили» предметин окутууда, «Чет тили» предметин окутууда – эгерде 2-9- класстарда окуучулардын саны 30 жана андан ашык окучууну түзсө, 10-11-класстарда окуучулардын саны 25 жана андан ашык окучууну түзсө;

- «Информатика» предмети боюнча – 6,8,9-класстардын окуучуларынын саны 25 жана андан ашык окучууну түзсө;

- «Технология» интеграцияланган предмети боюнча – 6,8,9-класстарында окуучулардын саны 30 же андан ашык окуучуну түзсө.

Курчап турган жаратылышка аяр мамиле кылган, окуу-тарбиялоо процессин практикалык ишмердик менен чыңдаган, келечектеги кесибин тандоого түрткү болгон эмгектик көндүмдөрүн жана өзүнүн мектеби үчүн жоопкерчиликтүү көз карашын калыптандырган жаранды тарбиялоо максатында 6-8 жана 10-класстардын окуучулары үчүн эмгек практикасы өткөрүлөт.

Министрлик сунуштаган нускамага ылайык 6,8-класстары үчүн эмгек практикасы 1 күндө 2 академиялык саатты, 10-классы үчүн – 1 күндө 3 академиялык саатты (6-класста - окуу жылында 7 күндү, 8-класста - окуу жылында 10 күндү, 10-класста - окуу жылында 14 күндү) түзөт.

Эмгек практикасы боюнча жумуштардын тизмесинен тандоо жана аны аткаруу мөөнөттөрү аймактык (жергиликтүү) шарттарды эске алуу менен жалпы билим берүү уюмунун педагогикалык кеңеши тарабынан аныкталат.

Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүүнүн Мамлекеттик билим берүү стандартынын 22-пункттуна ылайык жалпы билим берүү программаларды өздөштүрүү деңгээлин (күтүлүүчү натыйжаларды) текшерүү үчүн окуучулардын окуудагы жетишкендиктерин текшерүү **диагностикалык, калыптандыруучу жана суммативдик баалоо** түрүндө жүргүзүлөт.

Диагностикалык баалоо окуу процессинин башталышында окуучунун деңгээлин аныктоо үчүн өткөрүлөт.

Окуу процессин өз убагында түзөөгө, суммативдик баалоого чейин окуучулардын мүмкүн болуучу кемчиликтерин жана жетишпегендиктерин четтетүү үчүн мугалим класста эле оозеки сурамжылоо, жазуу иши, тест жана байкоо аркылуу калыптандыруучу баалоо жүргүзөт.

Суммативдик баалоо окутуу блогунун/окуу программалардын өтүлгөн темаларынын аягында жыйынтыктоочу бааларды коюу менен өткөрүлөт.

Суммативдик баалоо мектеп календарына ылайык (чейректер боюнча, окуу жылы боюнча) учурда иштеп жаткан ченемдерге жана критерийлерге жараша өткөрүлөт.

Жалпы билим берүү уюмдарында тарбиялоо иштери Кыргыз Республикасынын Президентинин 2021-жылдын 29-январындагы «Инсандын руханий-адеп-ахлактык өнүгүүсү жана дене тарбиясы жөнүндө»

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

№ 1 Жарлыгына, 2020-жылдын 13-ноябрындагы «2021-2026-жылдары Кыргыз Республикасында Кыргыз жараны деп жарандардын өзүн таануусун өнүктүрүүнүн концепциясы жөнүндө» № 39 Жарлыгына жана 2024-жылдын 18-декабрындагы «Улуттук дем – дүйнөлүк бийиктик» уңгужолу жөнүндө» № 369 Жарлыгына ылайык жүргүзүлөт.

**Уюштуруу иш-чаралары:**

Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүүнүн Мамлекеттик билим берүү стандартынын 19-пункттуна ылайык түрлөрүнө жана менчиктик формасына карабастан бардык жалпы билим берүү уюмдары үчүн **беш күндүк окуу жумалыгы** бекитилет.

Аталган жалпы билим берүүнүн Мамлекеттик билим берүү стандартынын 23-пункттуна ылайык **12-жылдык мектептин 2-3-класстарында** окуучулардын окуудагы жетишкендиктерин баалоо белги коюлбай, сапаттык жана сыпаттоо ыкмаларын колдонуу менен жүргүзүлөт. 4-класстан баштап баалоо белгилерин коюу киргизилет.

Ал эми 11-жылдык мектептин 3-классынан баштап сыпаттоо ыкмаларын колдонуу менен баалоо белгилерин коюу жүргүзүлөт.

Мамлекеттик жана муниципалдык жалпы билим берүү мектептеринде базистик окуу планынын мамлекеттик компонентин ишке ашырылышы республикалык жана жергиликтүү бюджеттердин эсебинен каржыланат.

Жалпы билим берүү уюмдары базистик окуу планынан тышкары предметтерди терендетип окутуу үчүн ата-энелердин (мыйзамдуу өкүлдөрдүн), демөөрчүлөрдүн жана жергиликтүү бюджеттин эсебинен окуучуларга кошумча билим берүү кызматтарын көрсөтүүгө укуктуу. Кошумча билим берүү кызматтарынын бааларынын прейскуранты Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 20-сентябрындагы № 563 токтомуна ылайык даярдалган Министрликтин буйругу менен бекитилет.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2018-жылдын 23-июлундагы «Билим берүү уюмдарынын болжолдуу типтүү штаттарын бекитүү жөнүндөгү» № 336 токтомуна ылайык жалпы билим берүү уюмунун штаттык бирдиктери (ставкалары) окуучуларынын санына байланыштуу болот.

2025/2026-окуу жылы жалпы билим берүү уюмдарынын бардык түрлөрүндө жана менчиктик формасында **2025-жылдын 1-сентябрында башталып, 2026-жылдын 25-майында аяктайт**.

Жайкы каникул мезгилин эсепке албаганда окуу жылынын узактыгы: 1-класста - 32 жуманы, 2-класста - 33 жуманы, 3-8 жана 10-класстарда – 34 жуманы, ал эми 9 жана 11-класстарда мамлекеттик сынак мезгилин эске алуу менен 36 жумага чейин түзөт.

2025/2026-окуу жылынын мектептик каникулдарынын графиги төмөнкүдөй:

- **күзгү** – 5 календардык күн: 2025-жылдын 5-9-ноябрында, сабактар 2025-жылдын 10-ноябрында улантылат;
- **кышкы** (майрамдык) - 12 календардык күн: 2025-жылдын

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

31-декабрынан баштап 2026-жылдын 11-январына чейин, сабактар 2026-жылдын 12-январынан улантылат;

- **жазгы** - 3 календардык күн: 2026-жылдын 6-8-марттарында, сабактар 2026-жылдын 9-мартынан улантылат.

- **майдагы** (майрамдык) - 10 календардык күн: 2026-жылдын 1-10-майында, сабактарга 2026-жылдын 11-майда кайтышат.

12-жылдык мектептин 1-классынын алты жаштагы окуучулары үчүн мектептик каникулдар кошумча 2 жумага узартылат: II жана III чейректерде 2025-жылдын 24-декабрынан баштап 2026-жылдын 18-январына чейин өткөрүү сунушталат. 2-класстын окуучулары үчүн мектептик каникулдар III чейректе кошумча 1 жумага узартылат.

1-класста сабактын узактыгы - 35 минутаны жана сабактар аралыгындагы 10-15 минуталык көнүгүү-музыкалык тыныгуулар менен коштолот, 2-класста - 40 минутаны жана 3-11-класстарда - 45 минутаны түзөт.

Окутуу-тарбиялоо процессин уюштуруп, жүргүзүүдө Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2016-жылдын 11-апрелиндеги № 201 токтому менен бекитилген жалпы билим берүү уюмдарындагы окутуу шарттарына жана уюштурулушуна коюлган төмөнкү санитардык-эпидемиологиялык талаптарды (11-бөлүк) сактоо зарыл:

- окуу сабактары 8.00 сааттан эрте башталбайт;
- эки нөөмөттө окуткан жалпы билим берүүчү мектептердин 1,2,5,9,11-класстарында жана компенсациялык окутуу класстарында сабактар биринчи нөөмөттө уюштурулушу керек;
- бардык предметтер боюнча үй тапшырмалардын көлөмү аларды аткарууга кеткен убакыттан ашпагандай болушу керек (астрономиялык саттар менен): 1-класстарда үй тапшырмасы берилбейт, 2-3-класстарда - 1,5 с., 4-5-класстарда - 2 с., 6-8-класстарда – 2,5 с., 9-11-класстарда – 3,5 с. чейин;
- жалпы билим берүү уюмдарында сабактардын жүгүртмөсү жалпы билим берүү уюмдарында окутуунун шарттарына жана уюштуруусуна карата Санитардык-эпидемиологиялык талаптардын 164-169-пункттарына ылайык түзүлөт.

Окуу процессин жүргүзүү мезгилинде окуучуларды айыл-чарба иштерине тартууга **тыюу салынат**.

Бардык жалпы билим берүү уюмдарынын 2025/2026-окуу жылына карата иш окуу пландары базистик окуу пландарынын негизинде иштелип чыгып, жайгашкан жери боюнча Бишкек шаарынын Мэриясына караштуу Билим берүү департаменти, Ош шаарынын Мэриясына караштуу Билим берүү башкармалыгы, райондук/шаардык билим берүү бөлүмдөрү менен макулдашылат.

Республиканын карамагындагы жалпы билим берүү уюмдарынын 2025/2026-окуу жылына карата окуу пландары базистик окуу пландарынын негизинде иштелип чыгып, Министрлик менен макулдашуу үчүн «Okuuplan2025» электрондук дареги аркылуу жөнөтүлөт.

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

Приложение
к базисным учебным планам

**Пояснительная записка к базисным учебным планам общеобразовательных организаций Кыргызской Республики с 11-летним сроком обучения на 2025/2026 учебный год**

Настоящие базисные учебные планы общеобразовательных организаций Кыргызской Республики с 11-летним сроком обучения разработаны в соответствии с Законом Кыргызской Республики «Об образовании», Государственным образовательным стандартом общего образования Кыргызской Республики, утвержденным постановлением Кабинета Министров Кыргызской Республики от 14 марта 2025 года № 131, санитарно-эпидемиологическими требованиями к условиям и организации обучения в общеобразовательных организациях» (приложение 6), утвержденными постановлением Правительства Кыргызской Республики от 11 апреля 2016 года № 201, а также другими нормативными правовыми актами Кыргызской Республики, регулирующими учебно-воспитательный процесс в общеобразовательных организациях.

Утвержденные базисные учебные планы для классов общеобразовательных организаций с 11-летним сроком обучения реализуются согласно нижеследующей таблице:

Таблица.

| Год рождения обучающегося | Учебный год | | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | 2024/ 2025 | 2025/ 2026 | 2026/ 2027 | 2027/ 2028 | 2028/ 2029 | 2029/ 2030 | 2030/ 2031 | 2031/ 2032 | 2032/ 2033 | 2033/ 2034 | 2034/ 2035 |
| | Классы | | | | | | | | | | |
| **2017** | 1 | 2 | 3 | 4 | 5 | 7 | 8 | 9 | 10 | 11 | 12 |
| **2016** | 2 | 3 | 4 | 5 | 7 | 8 | 9 | 10 | 11 | 12 | |
| **2015** | 3 | 4 | 5 | 7 | 8 | 9 | 10 | 11 | 12 | | |
| **2014** | 4 | 5 | 7 | 8 | 9 | 10 | 11 | 12 | | | |
| **2013** | 5 | 6 | 7 | 8 | 9 | 11 | 12 | | | | |
| **2012** | 6 | 7 | 8 | 9 | 11 | 12 | | | | | |
| **2011** | 7 | 8 | 9 | 11 | 12 | | | | | | |
| **2010** | 8 | 9 | 10 | 11 | | | | | | | |
| **2009** | 9 | 10 | 11 | | | | | | | | |
| **2008** | 10 | 11 | | | | | | | | | |

- 11-летний стандарт (синий)
- 12-летний стандарт (желтый)
- интегрированные программы (красный)

Примечание:
- 2028/2029 учебный год – двойной выпуск 9-классников;
- 2028/2029 учебный год – начало выдачи аттестатов об окончании 12-летней школы;

В **2025/2026 учебном году важно учитывать** следующее:

- **6-летние дети (2019 года рождения)** принимаются в 1 классы общеобразовательных организаций для обучения по образовательной программе 1 класса 12-летней школы, в основе которой заложена

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

апробированная программа «Наристе» и предварительное вводное (пропедевтика) содержание естественно-научного направления через предмет «Я и мир».

- **6-летние и 7-летние дети (2018 года рождения),** прошедшие программу предшкольной подготовки «Наристе», принимаются во 2 класс общеобразовательной организации, где осваивают образовательные программы 2 класса 12-летней школы.

- обучающиеся **1 классов 11-летней школы (2017 года рождения) переходят во 2 классы** и продолжают обучаться по образовательным программам 2 класса 11-летней школы.

Базисный учебный план устанавливает по начальному общему, основному общему и среднему общему образованию перечень учебных предметов и объемы учебной нагрузки обучающихся в соответствии с их возрастными особенностями, реализует требования к организации и проведению учебно-воспитательного процесса, а также обеспечивают использование общеобразовательных программ и учебно-методических комплексов, рекомендуемых Министерством образования и науки Кыргызской Республики (далее – Министерство).

Базисный учебный план устанавливает по классам недельную учебную нагрузку в следующем объеме при **пятидневной учебной неделе** в соответствии с пунктом 19 Государственного образовательного стандарта общего образования Кыргызской Республики:

| **Классы** | 1 | 2 | 3 | 4 | 5 | 6 | 7 | 8 | 9 | 10 | 11 |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **Недельная учебная нагрузка** | 19 | 21 | 22 | 22 | 27 | 28 | 30 | 29 | 30 | 29 | 29 |

**Государственный (инвариантный) компонент** базисного учебного плана обеспечивает единое образовательное пространство на территории Кыргызской Республики и является обязательным для всех общеобразовательных организаций независимо от их видов и форм собственности, а также гарантирует освоение обучающимися базового уровня общеобразовательной подготовки, приобщение их к национальным и общечеловеческим ценностям для развития личности с активной жизненной позицией.

Сокращение нормативного срока освоения общеобразовательных программ начального общего, основного общего и среднего общего образования и передача учебных часов, установленных для предметов государственного компонента в каждом классе, на другие предметы **не допускается**.

Предметы в базисном учебном плане распределены по следующим образовательным областям: филологическая, социальная, математическая, естественно-научная, искусство и технология, культура здоровья.

Предметы «Кыргызский язык», «Русский язык», «Узбекский язык», «Таджикский язык» и «Дунганский язык», как родные языки, изучаются со 2 по 11 классы. Количество учебных часов, определенных на изучение

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП
КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

«Кыргызского языка», «Русского языка», как второго языка, в школах с кыргызским, русским, узбекским и таджикским языками обучения, зависит от языка обучения в конкретной общеобразовательной организации.

Для изучения предмета «Кыргызская литература» в 6,8,10,11 классах школ с кыргызским языком обучения выделяется по 2 часа в неделю, в 9 классе – 3 часа в неделю. Для 6,8-11 классов школ с русским, узбекским и таджикским языками обучения на изучение предмета «Кыргызская литература» выделяется по 1 часа в неделю.

На изучение предмета «Русская литература» в 6,8,9 классах школ с русским языком обучения выделяется по 2 часа в неделю, в 10,11 классах – по 3 часа в неделю. На изучение предмета «Русская литература» в 6,8 классах школ с кыргызским языком обучения выделено по 1 часу в неделю, в 9-11 классах - по 2 часа в неделю. А для 6,8-11 классов школ с узбекским/таджикским языками обучения на изучение предмета «Русская литература» выделяется по 1 часу в неделю.

На изучение предметов «Узбекская/Таджикская литература» в 6,8-11 классах школ с узбекским/таджикским языками обучения выделено по 1 часу в неделю.

Изучение иностранного языка реализуется с 3 по 11 классы.

**С 2025/2026 учебного года в 3-9 классах учебный процесс по иностранному (Английскому) языку** осуществляется по обновленным образовательным программам и новым учебно-методическим комплексам, ориентированным на 12-летнее школьное образование.

С 3 по 11 классы школ с кыргызским и русским языками обучения на изучение иностранного языка выделяется по 2 часа в неделю. Для 3,4,6 классов школ с узбекским/таджикским языками обучения на изучение иностранного языка выделяется по 2 часа в неделю и для 8-11 классов - по 1 часу в неделю. В школах с узбекским/таджикским языками обучения изучение иностранного языка может быть увеличено за счет средств родителей, спонсоров и местного бюджета через предоставление дополнительной образовательной услуги.

Предмет «История» изучается в 6,8-11 классах с недельной нагрузкой по 2 часа. Курсы «История Кыргызстана» и «Мировая история» изучаются последовательно как единый предмет и в классном журнале обозначаются единым названием «История». Обучающиеся 9 и 11 классов сдают государственные экзамены по предмету «История».

Изучение предмета «Человек и общество» проводится в 6,8-11 классах по 1 часу в неделю, в образовательное содержание которого интегрированы тематики по финансовой и налоговой грамотности.

В целях повышения религиоведческого образования подрастающего поколения в 8,9 классах изучается предмет «История развития религий» по 1 часу в с неделю. Преподавание данного курса проводится учителями предмета «История» и теологами, прошедшими проверку в Государственном комитете национальной безопасности Кыргызской

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

Республики и Министерстве внутренних дел Кыргызской Республики. Преподавание данного предмета проводится в соответствии с утвержденным предметным стандартом и методическими рекомендациями, разработанными Кыргызской академией образования.

Предмет «Математика» изучается в начальной общей школе со 2 по 6 классы. В 8-11 классах занятия по предметам «Алгебра» и «Геометрия» проводятся раздельно и записи в классном журнале ведутся раздельно.

Интегрированный предмет «Я и мир» изучается во 2-4 классах по 2 часа в неделю, содержание которого направлено на формирование взглядов обучающихся на мир как единое взаимосвязанное целое, ценностное отношение к миру и жизнедеятельности в системе «природа–общество–человек», а также овладению основ безопасности в различных условиях жизнедеятельности человека (далее – ОБЖ).

Предметы «Биология» и «География» изучаются в 6,8,9 классах по 2 часа в неделю и в 10-11 классах – по 1 часу в неделю.

Предмет «Физика» изучается в 8,9 классах по 2 часа в неделю и в 10 классе - 3 часа в неделю. В 11 классе «Физика. Астрономия» изучается как интегрированный предмет в объеме 3 часа в неделю и в классном журнале обозначается единым названием «Физика. Астрономия».

Изучение предмета «Химия» проводится в 8-11 классах по 2 часа в неделю.

В соответствии с пунктом 3 приложения 1 к постановлению Правительства Кыргызской Республики от 23 июля 2018 года № 336 установлено, что должность «лаборант» вводится при наличии оборудованных лабораторий в 7-11 классах. В случае отсутствия лаборанта, его функциональные обязанности возлагаются на учителя естественно-научного направления.

Предмет «Информатика» изучается в 6,8,9 классах по 1 часу в неделю.

Интегрированный предмет «Технология (труд, черчение и дизайн)» изучается в 6,8,9 классах по 1 часу в неделю.

Предметы «Изобразительно-художественное творчество» и «Музыка» изучаются: во 2 классе – по 2 часа в неделю, в 3,4,6 классах – по 1 часу в неделю. К преподаванию предмета «Музыка» привлекаются учителя, имеющие музыкальную специальность, в случае их отсутствия обязанности возлагаются на учителя начальных классов.

На проведение предмета «Физическая культура» со 2 по 11 классы выделяются по 2 часа в неделю.

На предмет «Допризывная подготовка» в 10 и 11 классах выделяется по 2 часа в неделю. За счет часов, отведенных на предмет «Допризывная подготовка» в апреле-мае учебного года в течение трех рабочих дней для юношей - учащихся 11 классов проводятся учебно-полевые сборы (18 часов), а для девушек - учениц 11 классов — практические занятия по медико-санитарной подготовке (18 часов) в лечебных учреждениях.

При проведении занятий по следующим предметам классы делятся на 2 подгруппы:

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

- при изучении предмета «Кыргызский язык» в школах с русским, узбекским и таджикским языками обучения; предмета «Русский язык» в школах с кыргызским, узбекским и таджикским языками обучения, а также иностранного языка – если наполняемость во 2-9 классах составляет 30 и более обучающихся, в 10-11 классах - 25 и более обучающихся;
- по предмету «Информатика» - в 6,8,9 классах с численностью 25 и более обучающихся;
- по интегрированному предмету «Технология» - при наполняемости в 6,8,9 классах 30 и более обучающихся.

В целях воспитания гражданина, бережного относящегося к природе и окружающему миру, укрепляющего связи учебно-воспитательного процесса с практической деятельностью, формирующего трудовые навыки и чувство ответственности за свою школу реализуется трудовая практика для обучающихся 6,8 и 10 классов.

Трудовая практика для обучающихся 6,8 классов составляет по 2 академических часа в день, в 10 классе – по 3 академических часа в день (в 6 классе - 7 дней в учебном году, в 8 классе – 10 дней в учебном году, в 10 классе – 14 дней в учебном году) в соответствии с инструкцией, рекомендованной Министерством. Выбор из перечня работ по трудовой практике и сроки её прохождения определяются педагогическим советом общеобразовательной организации с учетом региональных (местных) условий.

Для проверки уровня освоения общеобразовательных программ (ожидаемых результатов) проводится контроль учебных достижений обучающихся в виде **диагностического, формативного и суммативного оценивания** в соответствии с пунктом 22 Государственного образовательного стандарта общего образования Кыргызской Республики.

Диагностическое оценивание проводится в начале учебного процесса для определения уровня обучающегося.

Формативное оценивание проводится в классе посредством устного опроса, письменных работ, тестов и наблюдений для своевременного корректирования учебного процесса учителем, устранения возможных пробелов и недочетов обучающихся до проведения суммативного оценивания.

Суммативное оценивание проводится в конце учебного блока/сквозных тем образовательной программы с выставлением итоговых отметок.

Суммативное оценивание проводится в соответствии со школьным календарем (по четвертям и по учебному году) согласно действующим нормативам и критериям.

Воспитательная работа в общеобразовательных организациях ведется в соответствии с Указами Президента Кыргызской Республики «О духовно-нравственном развитии и физическом воспитании личности» от 29 января 2021 года № 1 и «Концепции развития гражданской идентичности Кыргыз

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

жараны в Кыргызской Республике на период 2021-2026 годы» от 13 ноября 2020 года № 39 и Доктриной «Национальный дух – мировые высоты» от 18 декабря 2024 года № 369.

**Организационные мероприятия:**

В соответствии с пунктом 19 Государственного образовательного стандарта общего образования Кыргызской Республики для всех общеобразовательных организаций независимо от видов и форм собственности устанавливается **пятидневная учебная неделя.**

В соответствии с пунктом 23 указанного Государственного образовательного стандарта общего образования **во 2-3 классах 12-летней школы** достижения обучающихся оцениваются без отметок, с использованием качественных и описательных способов. С 4 класса начинается введение отметок.

В 3 классе **11-летней школы** выставляются отметки с использованием описательных способов.

Реализация в государственных и муниципальных общеобразовательных школах государственного компонента базисного учебного плана финансируются за счет республиканского и местного бюджетов.

Общеобразовательные организации вправе оказывать дополнительные образовательные услуги обучающимся в углубленном изучении предметов сверх базисного учебного плана за счет родителей (законных представителей), спонсоров и местного бюджета. Прейскурант цен дополнительных образовательных услуг утверждается приказом Министерства согласно постановлению Правительства Кыргызской Республики от 20 сентября 2011 года № 563.

Количество штатных единиц (ставок) общеобразовательной организации зависит от численности её обучающихся согласно постановлению Правительства Кыргызской Республики от 23 июля 2018 года № 336 «Об утверждении примерных типовых штатов образовательных организаций».

2025/2026 учебный год в общеобразовательных организациях всех видов и форм собственности **начинается со 1 сентября 2025 года и завершается 25 мая 2026 года.**

Продолжительность учебного года без учета летнего каникулярного времени составляет: в 1 классе – 32 недели, во 2 классе – 33 недели, в 3-8 и 10 классах – 34 недели, а в 9 и 11 классах с учетом экзаменационного периода – 36 недель.

График школьных каникул на 2025/2026 учебный год следующий:

- **осенние** - 5 календарных дней: с 5 по 9 ноября 2025 года, к занятиям приступают 10 ноября 2025 года;

- **зимние** (праздничные) – 12 календарных дней: с 31 декабря 2025 года по 11 января 2026 года, к занятиям приступают 12 января 2026 года;

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП
КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

- **весенние** - 3 календарных дня: с 6 по 8 марта 2026 года, к занятиям приступают 9 марта 2026 года;

- **майские (праздничные)** – 10 календарных дней: с 1 по 10 мая 2026 года, к занятиям приступают 11 мая 2026 года.

Для шестилетних детей, обучающихся в 1 классе 12-летней школы, школьные каникулы продлеваются дополнительно на 2 недели: рекомендуется во II и III четвертях с 24 декабря 2025 года по 18 января 2026 года, а для обучающихся 2 классов школьные каникулы продлеваются дополнительно на одну неделю в III четверти.

Продолжительность урока в 1 классе составляет 35 минут с 10-15 минутными разминательно-музыкальными переменами между уроков, во 2 классе - 40 минут и с 3 по 11 классы – по 45 минут.

При организации и проведении учебно-воспитательного процесса необходимо соблюдать следующие санитарно-эпидемиологические требования к условиям и организации обучения в общеобразовательных организациях (раздел 11), утвержденные постановлением Правительства Кыргызской Республики от 11 апреля 2016 года № 201:

- учебные занятия начинаются не ранее 8.00 часов;

- в общеобразовательных школах, работающих в две смены, обучение 1,2,5,9,11 классов и классов компенсирующего обучения должно быть организовано в первую смену;

- объем домашних заданий по всем предметам не должны превышать затраты времени на их выполнение (в астрономических часах): в 1 классе не задаются домашние задания, во 2-3 классах – 1,5 ч., в 4-5 классах – 2 ч., в 6-8 классах - 2,5 ч., в 9-11 классах - до 3,5 ч.;

- расписание занятий в общеобразовательных организациях составляется в соответствии с пунктами 164-169 Санитарно-эпидемиологических требований к условиям и организации обучения в общеобразовательных организациях.

Привлечение учащихся на сельскохозяйственные работы в период учебного процесса **запрещается**.

Разработанные в соответствии с базисными учебными планами рабочие учебные планы на 2025/2026 учебный год всех общеобразовательных организаций проходят согласование по месту расположения в Департаменте образования при Мэрии г.Бишкек, Управлении образования при Мэрии г.Ош и районных/городских отделах образования.

Рабочие учебные планы на 2025/2026 учебный год общеобразовательных организаций республиканского подчинения, разработанные в соответствии с базисными учебными планами, направляются на согласование в Министерство через электронную почту «Okuuplan2025».

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП
КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН